# МУУНДАР ОРТОСУНДАГЫ МАМИЛЕЛЕР

**САЛМОРБЕКОВА Р.Б.**

*Ж. Баласагын атындагы кыргыз улуттук университети*
**УДК 314.93**

***Аннотация:*** *макалада Нарын областынын мисалында муундар ортосундагы мамилелер проблемасын камтыган социологиялык изилдөөнүн жыйынтыктары каралган. Жашоо сапатына жаштардын жана улуу муундардын көз карашындагы салыштырма анализ келтирилген.*
***Уруntуу сөздөр:*** *адам, ааламдаштыруу, гендер, жашоо сапаты, жаштар, коом, миграция, муундар, процесс, тобокелдик.*
***Аннотация:*** *в статье рассматриваются анализ результаты социологического исследования охватывающий проблемы между поколениями на примере Нарынской области. Приведен сравнительный анализ на качество жизни с точки зрения молодого и старшего поколения.*
***Ключевые слова:*** *гендер, глобализация, качество жизни, миграция, молодежь, общества, поколение, процесс, риск, человек.*
***Abstract:*** *The article deals with the analysis of results of the survey covering the problems between the generations as an example of Naryn oblast. A comparative analysis of the quality of life from the perspective of the younger and older generations.*
***Keywords:*** *gender, globalization, quality of life migration, youth, society, generation, process, risk, man.*

Нарын областы Кыргызстандын түштүк-чыгышында Нарын дарыясыныда жайгашкан, аянты 45,2 миң км², калкынын жыштыгы 6.0/км². Область чыгыш жагынан Ысык-Көл, түндүк жагы Чүй, батышы – Ош жана Жалал-Абад, түштүгү Кытай Эл Республикасы менен чектешкен. Калкынын саны 1999-жылы 249115 адам болсо, 2009-жылдагы эл каттоонун маалыматы боюнча 257768 адам анын 99,2 % кыргыздар. Кыргызстандын борбору Бишкек шаарынан 350 км, Кытай Эл Республикасынын чек арасынан 200 км аралыкта жайгашкан. Нарын областы 5 административдик районду (Ак-Талаа, Ат-Башы, Жумгал, Кочкор, Нарын), 54 айыл округун, 122 айыл-кыштакты, 2 шаар түрүндөгү поселокту жана 1- Нарын шаарын камтыйт.

Изилдөөнүн максаты муундар арасындагы мамилелерди аныктоо айланасында 2012-жылы Нарын областынын баардык райондорун камтыган социологиялык изилдөө жүргүзүлдү. Изилдөөдө маалыматтарды чогултуу үчүн үч метод колдонулду: ар кандай топтор арасында фокус-топ (ФГД) өткөрүү; негизги маалымат берүүчүлөр менен маектешүү; жарым түзүлүштөгү интервью (SSIS).

Гендердик маселе боюнча жалпысынан фокус-топко 78 респондент катышып, анын 42 аялдар, 36 эркектер түздү. Изилдөөнүн жыйынтыктары чагылдыргандай эркетер менен аялдардын мамилесинде эч кандай дискриминация байкалбайт. Эркектер мал чарбачылыгы менен алектенишсе, аялдар үй чарбачылыгындагы кызматтар менен эмгектенишет. Аялдар менен эркектердин аткарган кызматтарынын айырмачылыктары аялдар бала багышат, кийизден кол өнөрчүлүк кылышат. Эркектер курулуш жана мал багуу менен алек. Бирок, акыркы жылдарда аял жана эркек үйдөгү жумуштарды биргелешип, акылдашып, ошондой эле ким үйдө жок болсо анын функциясын аткара берет. Акыркы 3-4 жылдагы өзгөрүү тенденциялардын таасиринде эркектер бала багууга катыша башташты, айрыкча жаш эркектер бала багууга шыктуу.

Буга бирден-бир себеп, эркектер жумушсуздуктун кесепетинен үй тиричилик эмгектерине активдүү катыша башташты. Аял жана эркек деген бөлүнүү жок болуп баратат. Калкынын саны аз, мисалы 1000 адамга чейинки айылдарда эркектер- аялдардын, аялдар-эркектин жумуштарына кийлигишпейт. Нарын областы боюнча мектепте 80 %, бала бакчада 95 %, ФАП, ооруканада 90 %, айыл өкмөттөрүндө 50 %, Өкмөттүк эмес уюмдарда 90 % аялдар эмгектенишет. Салыштырмалуу эркектерге жумуш аз.

> ***Үй тиричилигиндеги аял-эркек көйгөйлөрү***
>
> *«Биз көчөдө баспайбыз, анткени баягынын келини же кызы көчөлөп жүрөт дешет».* Жер-Көчкүдө 23 жаштагы аялдын айтуусу.
>
> Ошол эле айылда 42 жаштагы эркектин пикиринде *«Эркектер бала багышпайт, бала бакчага да жетелеп келбейт, себеби "уят болот" деген түшүнүк бар».*

Мал чарбачылыгынан жана талаачылыктан түшкөн кирешени кеңешип чечишет жана бирге сарпташат. Аялдар үй-бүлөлүк кирешеге ээ болуп сарптоодо бирге пайдаланышат. Эркетердин жана аялдардын айтуусунда аялдар көп учурда акча каражатын сакташат. Себеби, үйгө керектүү тамак-аш, кийим-кече, буюмдарды аялдар жакшы билишет жана сарамжалдуу пайдаланыша. Ошондой эле айрым учурларда эркектер өздөрүнө ишенбестен (арак ичип жок кылуу, уурдатып алуу) аялдарына акчасын каттырышат. Баш-Кууганды айылында берген жоопторго караганда атаса-энеси да эмес, балдары акча каражатын сакташат. Мал саткандан кийин баласы акчаны алып, күнүмдүк тиричиликке жумшайт, себеби ата-энеси баланын үйрөнгөнүнө жакшы, алардан базар мамилесин жакшы түшүнүп, товардын жаңы чыкканын тандай алат. Демек, үйгө келген кирешенин 70 % аял киши чечет. Эгер аял киши тейлей албаса эркеги тейлейт «Бир жакшыга бир жаман».

Эркетердин көз караштары боюнча: аялдар кирешени иштете алат, кээ бирөөлөр ашырып дагы коет. Мисалы: дүкөн ачып өзүнө жана элге дагы жеткирет. Кээ бирөөлөр иштетмек тургай, үйүн кошо сатып салат.

> ***Кирешени сарптоодогу атаандаштык***
>
> *«Аялдар саталы дейт, биз кое туралы дейбиз, себеби кошуналарда 2 камералуу муздаткыч бар мен уят болдук, бизде жок алалы, тигиникиндей шуба алам дешет аялдар. Аялдар сарптоого ашыгат, эркек келечекте кандай болот дейт. Туфли сатып алып, мындай эмес башка алмакмын дейт».* Кара-Суудагы эркектердин көз карашы. .

Мураска турак жай, жер, малдарды аялдарга калтырышпайт. Себеби эркектер баардыгына кожоюн. Бирок, акыркы убактагы тенденцияларга карасак аялдарга да активдүү түрдө мураскорлук өтө баштаган. Эгерде үйдө кожоюн каза болуп калса автоматически байбичесине өтөт. Кыздарга тийген жер үлүштөрү, күйөгө тийип кетсе атасында же бир тууганында кала берет. Эркек баласы жок болсо, кызына кататтууга аргасыз болот. Жерди пайдаланууда негизинен эркек адамдар чечкиндүү.

Аялдар жана эркектердин үй-бүлөө денгээлинде маселелерди чечүүдө катышуусу бирдей, бирок айрым учурларда ким көп акча тапса, билимдүү болсо чечимдерди кабыл алууда үстөмдүк кылып кетиши мүмкүн. Аялдар сунуштайт да эркектер чечим кабыл алат. Аялтыңболсоэркектың болот. Балдар атасына айта албайт, энесине айтат, ошондуктан, аялдар сунуштайт да эркектер чечим кабыл алат. «Вазирь жакшы хан жакшы дегендей». Балдары турмуш курууда акылдашышат жана бала өзү дагы чечүүгө укуктуу. Азыр балдардын келечегин карап, кенешип чечим чыгарып калышты. Билим алууда үйдө кимдин билими жогорку болсо жана контрактын акчасына карап чече берет. Кыздарга жогорку билим берүү үчүн көп учурларда үгүтөп, алар келечектеги эне жана балдарды багууда ролу зор экендигине, үй-бүлөдө кор болбой жашоосуна шарт түзүшөт. Кимиси жөндөмдүү болсо ошону окутушат. Көбүрөөк кыздарга артыкчылык болот, анткени кыздар кетмен чаба албайт. Айылда 80 % жакыны окуганы, иштегени Бишкекти көздөй кетишет, анткени Нарынга караганда Бишкекке баруу ыңгайлуу. Кеткендердин болжол

менен 5 % гана кайра айылга кайтып келет. Акыркы 5 жылда эркек балдарга билим берүү үчүн ата-эне эмгегин аябай калды, себеби билимдүүлөр эле жакшы жашайт. “Балдарды окутуу ата-эненин милдети”.

Соңку жылдарда аялдардын активдүүлүгү, мобилдүүлүгү күчөгөн. Аялдар ар кандай уюмдарга биригишет (Ден-соолук комитети, аялдар, жаштар уюмдары, шайлоо убактагы кампания, кол өнөрчүлүк, финка алышат, ар кандай ӨЭУдарда ж.б.). Коомдук иштерде аялдар эркектер менен бирге катышып, айрым бир маселелерди биргелешип, кеңешип чечүүгө аракеттенишет. Коомдук иштерге катышууда жамандык-жакшылыкта баардыгы бирдей эле жардамдашат. Акыркы 2 жылдан бери аялдар активдүү катыша башташты, себеби, коомдук иштерде эркектер жоопкерчилиги жогураак. Эркектердин көз карашы боюнча коомдук иштерде көбүрөөк аялдар иштейт. «Коомдук иштерде аялдар басымдуулук кылат, аялдар саясий жакка чыгып кетет, себеби мунун бары жетишпестиктен. Эркек токтоолук кылат, аялдын нерви чыдабайт» (Кочкордо 54 жаштагы эркетин пикири).

**Муундар ортосундагы мамиле.**

Муундар ортосундагы мамиле Советтер Союзу учурундагыга караганда абдан өзгөрдү. Жаштардын көбү мектепти бүткөндөн кийин Бишкеке же Нарын шаарына кетүүгө аракет жасашат. Себеби, жумуш жок, анын кесепетинен ички миграция күч алган, айылда калса көңүл ачуу жайлары иштебейт (клуб, дискотейка, кино ж.б.) жана кызыгы жок жашоо. Пенсиялык курактагы 60-70 % мектептин мугалимдери, докткрлар жаштарга оорун беришпейт, алар пенсия жана айылк акы да алышат. Ошондой эле жаштар да иштегилери келбейт, эмгек стажысы жетпегендиктен салыштырмалуу аз айлык акы алышат (4000-5000 сом).

**Жаштарменен улуулардынортосундагыайырымачылыктаржанамамиле:**

| Жаштар | Улуулар |
|---|---|
| Жүрөгү курч | Жалтаң |
| Материалдык жакты жогору коюушат | Материалдык жакка умтула беришпейт |
| Эркин тарбия, ач көз, өзүмчүл | Көзөмөлдөгү тарбия көрүшкөн |
| Карыз болуу жоопкерчилигинен коркушпайт | Жоопкерчилик жогорураак |
| Эч кимге ишенүү жок, Ата-энени уга бербейт | Мамлекетке ишенүү |
| Улууларды сыйлоо жоголууда | Көп кеңеш айта алышпайт |
| Айылга жумушсуздуктун кесепетинен кайрылуулар аз | 60-70 % пенсионер жумуш оорундарын жаштарга бошотушпайт |
| Компьютердик оюндарга алаксышат | Кичүүлөргө үлгү болуу жоголууда |

Үйлөнгөндө жаштар ата-энесинен бөлүнүп жашоону каалашат. Тез бөлүнгүсү келет, ээн басып, ээн жаткысы келет. Эркиндиктин принциптери талаптандыргандай, өз эмгектери менен өз милдеттерин аткарууга тарбиялады. Мен кичүүсүмүн ата-энем менен жашайм деген ойдогу балдар да бар. Ата-эне баласы бөлүнсө дагы баары бир жардам берет. Бөлөк жашагандыгына же башка жакка көчүп кеткендигине карабай, үй-бүлө мүчөлөрү көп убактыларын чогу өткөрө алышпасадагы жамандык-жакшылыкта, даталуу күндөрдө жолугушуп турушат. Ата-энелерине көбүнчө материалдык жана мезгил мезгили

менен келип физикалык жардам беришет (акчалай, тамак-аш алып беришет, чөп чабышат, үйлөрүн оңдошот, үй тиричилигине керектүү буюмдарды алып беришет).

**Жаштарга болгон көз караш.** 56 жаштагы эркектин берген баасы, Кочкор айлы: "Азыркы балдар патриот. 7 апрелде 16-20 жаштагы балдар Мекен үчүн каза болушту. Жаштардын түшүнгөнүн карылар түшүнбөйт. Улуу муунга караганда алар англис тилин, компьютер билет. Мында мындай эмес андай деп оңдоп турат, биз дагы ошого моюуп угуп калабыз. Байконур алыс эмес, биздин жакшы балдарыбызды окутса биздин балдар дагы космосту багындырса дейм. Кыздар ата-энеге күйүмдүү, балдар тон моюун болот.

**Коомдук мамиле, социалдык биригүү жана конфликтерди чечүү механизми**

Изилдөөдө фокус-топтун катышуучулардын жоопторунда айылдарда коомдук мамиле абдан жакшы, ынтымактуу. Бир-бирин жакшы таанышат, үйлөнүү тойлорунда, жамандыкта бир-бирине жардам беришет (моралдык жана материалдык).

Коомдук мамиле область боюнча жакшы, кыргыздын сактап калган «ашар» өз ара жардамдашуу салты кайрадан күчүнө кирген. Андаайылдынэркек, аялына кары-жашынакарабастанбир-биринежардамкылуу. Акыркы беш жыл ичинде айылдын тургундарынын жашоого болгон көз караштары жакшы жака өзгөрүүдө, материалдык жактан, бизнестин түрлөрүн үйрөнүүдө, баардыгы аракет кылып жашай башташты. Ашарыкмасымененмечиттер, бала бакчалар, мектепж.б. курулган. 80 % респондент коомдук иш чараларга "ашар" жолунда катышкандыгын айтышты, анын ичинен: 30 % айлана-чөйрөнү тазалоо, көрктөндүрүү боюнча; 50 % мечит салганга катышса; 20 % мектеп, бала бакча салууга катышкан. Эркетер кирпич куюп, дубалын көтөрсө, аялдар тамак жазап беришет, мисалы: мектеп, бала бакча, мечит (Жер-Көчкүдө, Жерге-Талда, Кара-Сууда). Эмнегедир ар бир айылда биздин байкашыбыз боюнча мечиттер ашар ыкмасы менен курулган. Жамандык-жакшылыкта айылдагы тууганадары акысыз эле жардам кылышат. Калкынын саны көп жана инфраструктура жеткиликтүү айылдар ашарды деле колдонушпайт.

Изилдөөнүн катышуучуларынын жооптору боюнча 90 % респондент акыркы беш жыл аралыгында айылдагы адамдардын өз ара мамилелериөзгөргөндүгүн айтышты. Соңку жылдардагы социалдык-моралдык жактан жакырланып баратат, атаандашуу күч алууда. Оруу-жыюу убагында жардамдашканга адам табылбыйт, акысыз эч ким иштебейт, айрым учурларда акча маселеси да келип чыгат. Жаштар акысыз жардам бере алышпайт, себеби өздөрүнүн түйшүктөрү көп.

Айылдарда Ден-соолук комитети активдүү иш алып барат: элдин саламаттыгы боюнча кеңештерди беришет (туура тамактануу, гигиенаны туура сактоо ж.б.), жаштарга ар кандай оорулар тууралуу маалыматтарды беришет (ВИЧ/СПИД, туберкулез, ич оорулар ж.б.), биринчи медициналык тез жардам көрсөтүүнү үйрөтүшөт (давление ченөө, ийне саюу ж.б.). Жаштар уюмдарын ар бир айылда түзүүгө аракет жазашкан. Алар жаштарга ылайык майрамдарда көңүл ачуу оюн-зоокторду, спорттук мелдешүүлөрдү уюштурушат. Аялдар уюмдары өз ара акча чыгарышып, фонд түзүшкөн, түшкөн акчаны кимге керек болсо 5 % бир айга пайдаланууга укукттуу. Уюмдардын мүчөлөрү жумасына же айына бир жолу жолугуп турушат. Алар негизинен ФАПтын, мектептин имаратында жолугушуп, көйгөйлөрүн чечишет.

Ар бир айылда Аксакалдар соту активдүү иштешет. Алсак, үй-бүлөлүк, айылдагы тургундардын, кошуналардын бири-бирине болгон дооматтарын калыс чечип берүүгө аракет жасашат. Аялдар өз ара уюшуп, кыздардын себин, боз үй жабдыктарын жана кыргыздын кол өнөрчүлүгүн өнүктүрүүдө.

Коомдук уюмдарга кирбегендиктеринин себептери:

- Кызыккан эмес, коомдук уюмдар жөнүндө кабары жок – 30 %;

- Мамлекеттик кызматкер (мыйзам боюнча коомдук уюмдардын мүчөсү болбош керек)– 10 %;

- Убактысы жок – 20 %;

- Коомдук уюмдарга ишенбейт – 10 %.

Айылдагы колунда жок, көп балалуу үй-бүлөлөргө байлар жардам беришет. Айрым учурларда айылда каралбай калган үйлөргө үйү жок жаш үй-бүлөлөргө бекер эле бошотуп беришет. Көп балалуу үй-бүлөлөрдүн балдарын алып кетип багышат жана окутканга жардам беришет.

Коомдук мамиле да материалдык көз карашка багынууда, себеби социалдык-экономикалык статусу боюнча байлар-байлар менен, колунда жоктор өзүнчө катыша башташты. Демек, атаандаштыктын негизинде социалдык стратификация катмарларга бөлүнө баштады. Айрым учурларда социалдык чыңалуунун негизинде айылдын жашоочулары чыр-чатактарга бат берилип, өз укуктарын коргоо үчүн сотко кайрылуулар көбөйгөн. Жерге, сугат сууларына, техникага болгон жетишпестик айрым учурларда конфликтерди алып келет. Келип чыккан конфликтерди айыл өкмөтүнүн, Аксакалдар сотунун жардамыменenчечүүгөаркеттенишет. Соңку 4-5-жылдын ичиндеуурулаpазайууда, «Ууруалыстанкелбейт, өзүбүздүничибизден эле чыгат»,- дейтнегизгимаалыматберүүчү 45 жаштагыаял. Ар бирайылдамечиттеркурулуп, арак ичкендердин саны азайууда, толеранттуулук пайда болду жана ага көбүнчө жаштар барышат.

**Жашоонун сапатын кабылдоо**

Жеке интервьюнун катышуучуларынын жooптору боюнча 80,5 % жашоосунун сапатын «жакшы»-72,2%, «эң жакшы»-8,3% баалап өтүштү. 18 % жашоосуна «канааттандырарлык же орточо, б.а. жакшы да, жаман да эмес» деген көз караште. Биздин байкообузга караганда 18-25 жашка чейинки респонденттерди басы боюнча жашоо сапатын 40,2 % «жакшы» деп баалашса, 25 жаштан жогоркулар 32 % «жакшы» деп баалашты. Жашоо сапатын эң эле позитивдүү карагандарга жашоо шарты жакшы аймактар, аларга: Нарын шаары (100%-«жакшы»); Кочкор айлы (8,3%-«эң жакшы» жана 91,7%-«жакшы») көз караште. Жашоонун жакшы сапатын төмөнкүчө баалап өтүштү:

- ден-соолугунун жакшы абалы;
- үй-бүлөсүндөгү жана коомдогу тынчтык;
- иштеп, акча тапкандык;
- ичүүчү суу менен камсыз болу;
- кредити жок жашоо;
- моралдык жактан колдоо болсо;
- билимдүү болу.

**Маданий плюрализм жана жергиликтүү салттар**

Кыргыз элине таандык каада-салттарды кармоого аракет жасашат, айрыкча айыл ичинде Нooруз, Жаны жыл, эгеменду улук жана айт майрамдары майрамдалып келе жатат. Жеке интервьюнун жooптору боюнча өз убактыларын үй-бүлөө - 50 %, достору менен – 20 %, коллегалары – 20%, сүйүктүү жары – 10% өткөрүүнү каалашат. Турмуштук же материалдык проблемага чалдыкканда уй-бүлөөсүнө - 40,0%; биртууганына -20,0%; балдарына - 20,0%; кошунасына - 20,0% кайрылышат.

**Каада-салттар**

Мекемелер арасында ыр кесе уюштурулуп турат. Кыргыздарга таандык тойлордун баардыгы майрамдалат, өзгөчөлүгү келген меймандарды Кошой коргонго алып барып музейди көрсөтүп сыйлашат. Каада-салттар акчага байланыштуу, жашоо-шарттын сапатына терс таасирин тийгизүүдө. Акчаң жок болуп калса той топурга бара албайсын (*Кара-Суу айылынын тургуну, ФАПта лаборант, 39 жаштагы Малдыбаева Элиза*).

Шаан-шөкөттөр боз үй тигилип, кыргыздын оюндары оюндалат: улак тартыш, аркан тартуу, ат чабыш, көк бөрү. Каада-салттар жашоого жакшы таасирин

тийгизүүдө, себеби, улуттук оюндар унутулбастан муундан-муунга өтүп, сакталып калууда. Каада-салттар акыркы беш жыл ичинде шартына жараша европаны туурап жана нике кыйып мусулмандарча өткөрүп калышты. Бирок, бир топ эле чыгымдарды алып келет экен (*Кара-Суу айылынын тургуну, мугалим, 24 жаштагы Нусупова Шарипа*).

Бешжылмурдааш-тойлордобир койсойсокжетчи. Азырайылдынчоңойгондугамененүч же төрт мал союугамажбурболуудабыз, анткениадамдын саны көбөйдү. 1989-жылы болгонуайылбоюнча 17 түтүнболсо, азыр 100 түтүнгөжакындада. Булайылгакөчүпкелгендеринин себеби, жеркенен, алсакүйсалууүчүн 30 сотоктанберилсе, 1994-жылы жерлерүлүшкөбөлүнгөндө 70 сотоктанжанбашынатийген (*Жерге тал айылынын тургуну, окуучу, 47 жаштагы Турдалиева Сонунбүбү* ).

Мурдакыдай майрамдар шатыра-шатман майрамдалбайт, себеби элдин шарты, убактысы жок. Акыркы беш жылдагы каада-салттар өзгөрдү жакшы-жаман жактары бар. Мисалы: гражданский брак деп Бишкеке барып бирөөнү таап жашап алып, айылга келип бетин ачкандан кийин ажырашып кетүүлөр көбөйүүдө (*Баш-Кууганды айылынын тургуну, социалдык кызматкер, 24 жаштагы Исагулова Салтанат* ).

Акыркы беш жыл ичинде жалпы айыл боюнча өзгөрүүлөр байкалууда, материалдык жактан жана жашоого болгон көз караштар (жашоонун жакшы сапаттарын аркалоодо). Эл акырындык менен байый баштады, мамлекет жакырланууда. Ошону менен бирге жат көрүнүштөр байкалууда:

- айрыкча жаштар арасында ажырашуулар көбөйүүдө;
- толук үй-бүлөлөр кыйроодо жана психологиялык жактан жапа чеккендер көбөйүүдө;
- балдар жетим бойдон калууда.

Себептери:

- сөз көтөрө алышпайт, жашоонун сыноолоруна чыдай алышпайт;
- наразылыктар ичимдиктен чыгат;
- жетишпегендик (моралдык, материалдык).

Кыргыздын каада-салттарынын баардыгын карманууга аракеттенүүдө, бирок, акыркы беш жыл аралыгында дин жаатындагы майрамдар майрамдала баштады. Жалпы орозо кармоо, намаз окуу, айыттоо. Жеке турмушунун жашоо сапатынын өзгөрүшүнө бир аз таасирин тийгизген. Алса, жаштар жаман жакка же жолго түшпөстөн мечиттерге барып, спорт менен машыгышууда. Курман жана орозо айтта 12 түтүн биригип 1 кой союуп, бири-бириникине айыттап барышат. Себеби, ар бир үй курмандык чалбастан, кезек менен кой союшат, экономдоо багытында. Жашоонун сапатына таасирин тийгизе турган каада-салттар малдын ашыкча союулуп кетиши. Андан тышкары оң жагы катарында мал союу азайды жана өлүктү чыгаруу күнүнүн саны да кыскарууда. Аш-тойлорду бир күндө эле өткөрүүгө өтө башташкан. Айрыкча айылдардан райондун борборлорундагы кафелерге келип той-аштарды өткөрө башташкан. Себеби бир күндө баардык туугандарын, санаалаштарын, досторун чоогу чакырып бир кутулат жана материалдык жактан, убакыттан үнөмдөө.